# Эне тилибизге арналды

**29-сентябрда шаарыбыздагы Насыр Давлесов атындагы Республикалык маданият жана искусство колледжинде мамлекеттик тил майрамынын 32 жылдыгына арналган тематикалык концерт болуп өттү. Аталган маданий иш-чара таланттуу жаштардын катышуусу менен ишке ашып, анын көрүүчүлөрүнө чоң кубаныч тартуулады.**



Майрамдын катышуучуларын колледждин директору Токтобек Коонтаев, шаардык мэриянын мамлекеттик тил боюнча адиси Арген Кененсариев жана маданий иш-чаранын сый коноктору куттукташты. Жетекчилер эне тилибиздин өнүгө



беришин, анын түбөлүктүү болушун тилешип, үч миң жылдык тарыхы бар тилибизди барктап, кийинки муундар үчүн сактап, анын өнүгүшүнө салымдар кошула беришин каалашты.

Белгилей кетсек, Республикалык маданият жана искусство колледжинде учурунда белгилүү комузчу, обончу Нурак Абдрахманов, ырчы Эрмек Мойдунов, обончу-акындар Алмаз Сейиткaзиев, Майрамбек Осмонов, Замир Ибраев, композитор Сатылган Осмонов, төкмө акын Мундузбек Усупбек уулу жана башка белгилүү инсандар билим алышкан

Бүгүнкү күнү дагы колледжде таланты ташкындаган, шайыр жаштар билим алуусун улантышып, улуу муундагы белгилүү ырчылардын, комузчулардын, обончу-акындардын жолун татыктуу улантып келе жатышат. Аны колледждин таланттуу окуучулары сахнада аткарган чыгармалары, ыр-бийлери менен ачык далилдешти.

"Манас" эпосунан үзүндү, фольклордук топтун аткаруусунда "Майрам кайрыктары" жаңырып, орус тилдүү студенттер кыргыз тилинде макал-лакаптарды, башка окуучулар акыйнек айтышышып, "Кыргыз бийин" бийлешип, белгилүү акындардын ырлары көркөм окулуп, эне тилибиз даңкталды. Алар менен бирге майрамдын катышуучулары кубанычка бөлөнүп, концерттик программадан чоң ырахат алышты.

Жаш аткаруучулардын артисттик жөндөмүнө, чебердигине, кийген кыргыз көйнөк, костюмдарына да жогору баалар берилди.

Андыктан таланты ташкындаган жаштарды тарбиялап, өстүргөн Н. Давлесов атындагы Республикалык маданият жана искусство колледжинин директору, белгилүү обончу-акын Токтобек Коонтаев агайдын, тематикалык концерттин сценарийин түзгөн мугалим Бурул Мамбетказиеванын жана жалпы мугалимдер жамаатынын дарегине көптөгөн жылуу каалоо-ниеттер жана чоң ыраазычылыктар айтылды.

Эне тилди даңазалаган маданий иш-чара анын катышуучуларынын таланттуу жаштар менен эстеликке сүрөткө түшүү жана баарына жакшы маанай тартуулоо менен аяктады.

**Б. БАЙДЫЛДАЕВА.**




# К нам прилетала «Белая птица»

Оказывается, чтобы увидеть и услышать что-то новое или, наоборот, до боли знакомое, не обязательно куда-то ехать, идти пешком, наматывая километры. В минувшую субботу члены клубов «Маршруты выходного дня» и «Ивушка» замечательно провели время в республиканском колледже культуры.

По инициативе директора этого учебного заведения Токтобека Коонтаева в тот день, в актовом зале колледжа прошла встреча-концерт с членами еще одного клуба – литературно-музыкального – «Белая птица». Клубу этому уже более 15 лет и объединились в нем авторы и исполнители песен. Они живут в разных населенных пунктах нашей области, не у всех есть музыкальное образование, но у всех в груди живет любовь к поэтическому слову и музыке.

У истоков создания клуба "Белая птица" стоял хорошо известный токмокчанам врач-стоматолог с душой романтика Александр Дмитриевич Фомин. Клуб за эти годы выступил на всех, пожалуй, фестивалях авторской песни, проводимых в Республике, дал концерты во всех городах, а вот в наш город «Белая птица» залетела впервые. Вместе в Александром Дмитриевичем на концерте выступали Валентина Троянова, Владимир Коновалов, Ксения Бессонова (поэтесса, у которой вышли уже два сборника стихов, выпускница нашего РКК), Ольга Чуйкова, Анисья Якубова, Евгения Зыкова, Лариса Молева. Примкнул к ним наш бард и просто замечательный человек Мирс Абузяров.



Бардовская песня – это не то ля-ля-фа, что мы постоянно слышим отовсюду. Это песня, спетая автором стихов – проникновенных, с глубоким смыслом, автором музыки. Все это вместе дает неповторимую усладу всем, кто слушает исполнителя. Причем, таких песен не бывает много, их можно слушать и слушать. Так мы и поступали. А еще, предавшись ностальгии, вместе с артистами пели старые любимые песни. И уже концерт закончился, а нам все не хотелось расставаться.

От всей души говорим спасибо директору РКК Токтобеку Бокелеевичу за нашу встречу с бардовской песней.

***Е. ДЕРЕВЯНКО,***
***сотрудник Красного Полумесяца.***


Учредитель:
мэрия г. Токмока.
Газета зарегистрирована
в Министерстве юстиции КР
22 марта 2011 г. РС №28.
**Редактор**
**Амантур Шамшибеков.**

Адрес редакции:
г. Токмок, ул. Шамсинская, 93.
Телефоны: 3–53–12 – редактор, 3–51–97 – корр
3–53–06 – рекламная служба, 3–53–54 – бу
***e-mail: moi_gorod–2006@mail.ru***
***Ответственность за содержание рекламы ре***

# 12-декабрь – Улуттук адабият күнү

## Өнөрлүү жаштардын зор салымы

**12-декабрда өлкөбүздө кыргыздын чыгаан жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнү белгиленип, ага карата жазуучунунун чыгармалары сахналаштырылып, кино-тасмалар көрсөтүлүп, адабий кеечелер өткөрүлдү. Бул күнү 1950-жылы кыргыз элинин дагы бир белгилүү акын-жазуучусу Алыкул Осмонов дүйнөдөн кайтканы белгилүү. Ал эми 2011-жылдан бери Кыргызстандын белгилүү, акын жазуучуларды, чыгармачылыгын эскерүү жана элестерине таазим этүү максатында Улуттук адабият күнү салтанат менен белгиленип келет.**

“Ар сапта эргүү” аталыштагы тарбиялык, руханий мааниси зор мындай маданий иш-чаралардын бири Токмоктогу Н. Давлесов атындагы Республикалык маданият жана искусссство колледжинде шаңдуу өттү. Адабий-музыкалык кеченин максаты – окуучулардын чыгармачылык жана руханий мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү, китеп окууга кызыгуусун арттыруу жана кыргыз адабиятын популяризациялоо болду. Бул тууралуу иш-чаранын уюштуруучулары аталган мекеменин китепканасынын башчысы Аида Джуманова жана китепканачысы Бүбүра Кашкеновалар билдиришти.




Адабий-музыкалык кечеде Чыңгыз Айтматовдун, Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы, өмүр баянына байланыштуу суроолор берилип, студенттер тарабынан тиешелүү жооптор алынды. Аны менен бирге кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө өчпөс чыгармалары менен зор салымдарын кошкон Жусуп Турусбеков, Барпы Алыкулов, Сүйүнбай Эралиев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Касымалы Баялинов сыяктуу залкар жазуучу, акындар эскерилди. Адабий-музыкалык кече колледждин таланттуу жаштарынын аткаруусундагы ыр-күүлөр менен коштолду. Сахнада “Ажар” повестинен үзүндү жаңырды. Жаш таланттардын өнөрү анын катышуучуларына жакшы маанай тартуулады. Андыктан Республикалык маданият жана искусство колледжинин жетекчиси Токтобек Коонтаев өнөрлүү жаштарга чын ден-соолук, окууда жана чыгармачылык иштерине албан ийгиликтерди каалады. Кеченин уюштуруучуларына чоң ыраазычылыгын билдирди.




Соңунда, Аида Джуманова адабий-музыкалык кеченин алкагында жарыяланган кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын, каармандарын чагылдырган сүрөт тартуу боюнча сынактын жеңүүчүлөрүнө Ардак гррамоталарды жана атайын белектерин тапшырып, таланттуу жаштардын демине дем кошуп, жаңы ийгиликтерге шыктандырды.